**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ**
**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК**
**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

*ТОКТОМ* *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

27.10.2021-жыл. № 7/8 Жар-Кыштак айылы

## ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ VII СЕССИЯСЫНЫН Т О К Т О М У

Ырыс айыл аймагынын Ладан-Кара айылындагы Көк-Арт дарыясынын жээгиндеги айыл чарбасына пайдаланууга жараксыз болгон курулуш астындагы жерлерден социалдык коргоого муктаж болгон үй бүлөлөргө турак жай курууга жер тилкесин бекитип берүү жана муниципалдык менчикке алуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 15.07.2011 -жылдагы №101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» Мыйзамынын 18-беренесине, Жер Кодексинин 4-; 18-; 25-; 27-; 31- жана 32-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.05.2005-жылдагы №177-токтому менен бекитилген «Жеке менчик турак жай куруу үчүн жер участогун берүүнүн тартиби жөнүндөгү» Жобого негизденип, Ырыс айыл өкмөтүнүн жерге укук берүүчү комиссиясынын 09.08.2021-жылдагы №15-протоколун жана айылдык кеңештин туруктуу комиссияларынын кошмо отурумунун сунушун депутаттар сессияда талкуулап

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Ладан-Кара айылындагы айыл чарбасына пайдаланууга жараксыз 15,0 га жер аянты, анын ичинен 4,5 га жер тилкесине өндүрүштүк ишкапаларын курууга жана калган 10,5 га жер |тилкесине Ырыс айыл аймагынын жакыр үй бүлөлөргө жана социалдык коргоого муктаж болгон үй бүлөлөргө турак жай менен камсыз кылууну жүзөөгө ашырууга жер тилкесин Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына ылайык мыйзамдаштырууга макулдук берилсин.
2. Ушул токтомдун 1-пункуту боюнча айыл өкмөтүнүн адистери тарабынан 15,0 га жер тилкеси менчигинин түрү боюнча такталып, мамлекеттик жана жеке менчик аянттары аныкталгандан калган аянты муниципалдык менчикке алынсын жана Ырыс айыл аймагында жашаган жана социалдык коргоого мукгаж болгон үй бүлөлөргө турак жай жана комокчу чарба куруу үчүн айыл өкмөтү тарабынан бөлүнүп берилсин.
3. Токгомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенештин айыл чарба жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М.Мирзаевке милдеттендирилсин.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш.М.Кадиркулов.**